**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Акушердик гинекология жана хирургиялык дициплиналар» кафедрасынын кезексиз жыйынынын**

# №6 ПРОТОКОЛУНАН

**Төрайым: м.и.к.,доцент:** Н.А.Каримова

**Катчы:** Нурзита Сатыбалды кызы

**Катышкандар:** 26

**Өтүлүүчү жай:** 405

**12.12.2025**

## Күн тартиби:

1. **Субанова Г.А.нын «ОшМУнун ЖОБОсуна» өзгөтүүлөдү киргизүү жана илимий макала авторлоруна бир жолку сый акы белгилөө боюнча арызы.**

2. **Аккредитацияга даярдык**

3. **Сайтка жоопту окутуучулардын отчёту**

4. **Декабрь айына факультеттин иш-пландарын бекитүү.**
5. **Кафедралар боюнча окутуу жүгүн аткаруунун абалы.**
6. **Профессордук-окутуучулук курамынын кызмат ордун ээлөө жана конкурс жөнүндө**

**1-маселе: Субанова Г.А.нын«ОшМУнун ЖОБОсуна» өзгөтүүлөдү киргизүү жана илимий макала авторлоруна бир жолку сый акы белгилөө боюнча арызы.**

**I-маселе:**

Угулду: «ОшМУнун ЖОБОсуна» өзгөртүүлөрдү киргизүү жана илимий макала авторлоруна бир жолку сый акы белгилөө боюнча жазган арызы боюнча Субанова Г.А. кыскача малымат менен тааныштырды. Арызда университеттин ички нормативдик документтерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгы жана илимий макалаларды эл аралык жана республикалык журналдарда жарыялаган окутуучуларды материалдык жактан стимулдаштыруу маселеси көтөрүлгөн.

Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин ректору,профессор К.Г.Кожобековго отунуч билдирүү боюнча каралды.

Сканировано с CamScanner

Талкуу учурунда кафедра башчы,м.и.к.,доцент Каримова Н.А. оз созундо, кафедра мүчолорү илимий ишмердүүлүктү колдоонун маанилүүлүгүн белгилеп, сунушталган озгортүүлор кафедранын илимий активдүүлүгүн жогорулатууга оболго түзорүн белгиледи.Улук окутуучулар бул жобону колдоп тиешелүү түзүмдорго «Жобого» озгоруулорду киргизүү жана бир жолку сый акыны жонго салуу,жобону иштеп чыгуу отунучу жонундо макулдашышты.

**2-маселе:**

Угулду: Аккредитацияга даярдык корүү боюнча кафедра башчынын маалыматы угулду. Маалыматта аккредитациялык талаптар, керектүү документтердин тизмеси, окуу-усулдук жана илимий иштердин абалы, ошондой эле материалдык-техникалык базаны жакшыртуу маселелери айтылды.

Кафедра мүчолорү аккредитациядан ийгиликтүү отүү үчүн бардык документтерди талапка ылайык даярдоо зарылдыгын белгилешти.

**3-маселе:**

Кафедранын расмий сайтына жооптуу окутуучулардын отчету угулду. Отчетто кафедранын сайтындагы маалыматтарды жаңылоо, окуу процессине байланышкан документтерди, илимий ишмердүүлүк жана иш-чаралар боюнча маалыматтарды жайгаштыруу боюнча аткарылган иштер корсотүлдү.Жетишпеген документтерди тез аранын ичинде толуктап сайтка киргизүү талап кылынды.

**4-маселе:**

Угулду: Кафедра башчы Каримова Н.А. соз сүйлоп, админ кеңеште болуп откон жыйындын жыйынтыктары боюнча маалымат берди. Анда факультеттин декабрь айына карата иш-пландары окуу, илимий жана тарбиялык иштердин негизги багыттарын камтыганы, ар бир багыт боюнча иш-чаралар жана жооптуулар такталгандыгы айтылды. Ошондой эле кафедралардын окутуу жүгүн аткаруусу, сабактардын үзгүлтүксүз отүлүшү жана электрондук журналдарды оз убагында толтуруу маселелери талкуулангандыгын белгиледи.

**5-маселе**

Созго чыкты:Кафедра башчы админ кеңеште болуп откон жыйында окуу иштери боюнча декандын орун басары Джумаева Л.М. кафедралар боюнча сабак отүүнүн абалы тууралуу маалымат берип, айрым окутуучулар тарабынан сабактар себепсиз откорүлбой калган учурлар бар экендигин, бул окуу процессинде үзгүлтүк

Сканировано с CamScanner

жаратып жатканын билдирди. Мындан тышкары, электрондук журналдардын айрым кафедраларда оз убагында жана талапка ылайык толтурулбай жатканын белгилеп,айтып откопун билдирди.

Мындан улам кафедранын окутуучулар тарабынан окутуу жүгүн аткаруунун абалы талданып, сабак өтүүнүн сапаты жана үзгүлтүксүздүгү каралды. Айрым кафедраларда окутуучулар тарабынан сабактардын себепсиз откорүлбой калган учурлары катталгандыгы белгиленди. Бул корүнүштор окуу процессинин туруктуулугуна жана билим берүүнүн сапатына терс таасирин тийгизип жаткандыгы айтылды. Окутуу жүгүн аткарууда дисциплинанын томондошү жана козомолдүн жетишсиздиги айрым койгойлорду жаратууда деп билдирди.

Талкуунун жыйынтыгында кафедра башчы Каримова.Н.А. сабакты себепсиз откорбой койгон окутуучулардан милдеттүү түрдо түшүндүрмо кат алынып, тиешелүү чара корүлоорун эскертти.

**6-маселе**

**Профессордук-окутуучулук курамынын кызмат ордун ээлоо жана конкурс жонүндо**

Угулду: Кафедра башчысы, м.и.к., доцент Каримова Н.А. Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлеп туруунун тартиби жонүндо соз сүйлөп, улук окутуучу, доцент жана вакантттык кызмат орундарына конкурс откорүү тартиби боюнча маалымат берди , катышуусун сунуштады жана томондогү окутуучуларды кызматтык даражаларга ылайыкдеп белгиледи:

- **Доценттик даражага:** Жунусов А.Т., Абдирасулова Ж.А. Токтосунов А.С.
- **Улук окутуучулук даражага:** Турсунова В.Д., Маткасымова Г.А., Кутуев Ж.А. Абдирайимов И.С.

Чыгып сүйлогондор: Саед Али Аббас Рахат аталган маселе боюнча оз оюн билдирип, конкурстук тандоонун ачык-айкын жана объективдүү откорүлүшүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отурум токтом кылат:**

**Токтом**

1. **Субанова Г.А.нын арызы колдоого алынып, сунушталган оз ортүүлор кафедра тарабынан жактырылсын.**
   **- Арызды тиешелүү тартипте Эл аралык медицина факультетинин деканатына жана ОшМУнун жетекчилигине сунуштоо кафедра башчысына жүктолсүн.**

   **- Илимий макала авторлоруна бир жолку сый акы белгилоо маселеси университеттин тийиштүү комиссияларында кароого сунушталсын.**

Сканировано с CamScanner

2. Аккредатцияга окуу-усулдук комплекетерди жана жумушчу программаларды актуалдаштыруу бардык окутуучуларга милдеттендирилсин.

- Аккредитацияга даярдык боюнча, документтерди даярдоо жоопту окутуучулар бекитилсин.

3. Кафедранын сайтындагы маалыматтарды системалуу түрдө жаңыртып туруу сайтка жоопту окутуучуларга милдеттендирилсин.

- Окутуучулардын илимий макалалары, конференцияларга катышуусу жана жетишкендиктери боюнча маалыматтар сайтка өз убагында жайгаштырылсын.

4. Декабрь айынын иш-пландары факультеттик иш-планга шайкеш келтирилип, 1 жумалык мөөнөттө деканатка тапшырылсын.

5. Окутуучулар тарабынан сабак өтүү тартибинин бузулушу системалуу түрдө кайталанган учурда, аларга карата ички тартип эрежелерине жана мыйзам чегинде чара көрүлсүн.

- Окутуучулардын сабак өтүүсүнө жана электрондук журналдарды толтуруусуна болгон жеке жоопкерчилиги күчөтүлсүн.

6. Жунусов А.Т., Абдирасулова Ж.А. Токтосунов А.С. Турсунова В.Д., Маткасымова Г.А., Кутуев Ж.А. Абдирайимов И.С. Кандидатурасы АГХД кафедрасынын *профессор/доцент/улук окутуучу* вакансттык кызмат ордун ээлөө үчүн конкурстук шайлоого катышууга сунушталсын.
Ал эми уруксат берүү жагы факультетин ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Төрайым: м.и.к.,доцент: Н.А.Каримова

Катчы: Нурзита Сатыбалды кызы

Сканировано с CamScanner

**Ош мамлекеттик университетинин ректору,**
**профессор К.Г. Кожобековго**
**Эл аралык медицина факультетинин**
акушердик, гинекологиялык_жана
хирургиялык дисциплиналар кафедрасынын доценти
__Г.А.Субанова

**Арыз**

**«ОшМУнун ЖОБОсуна» өзгөртүүлөрдү киргизүү жана илимий макала**
авторлоруна бир жолку сый акы белгилөө боюнча
Урматтуу Кудайберди Ганаралиевич! ОшМУнун 2023–2026-жылдарга карата өнүгүү стратегиясында илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн күчөтүү, эл аралык басылмалардагы көрүнүүгө жетишүү жана университеттин академиялык аброюн жогорулатуу артыкчылыктуу багыттардын бири катары белгиленген. Ушуга байланыштырып төмөнкүлөрдү суроонуу менен кайрылам:
1. «ОшМУнун ЖОБОсуна» өзгөртүүлөрдү киргизүү
илимий басылмалардагы активдүүлүктү жогорулатуу максатында, кызматкерлерге карата материалдык жана моралдык стимулдарды күчөтүү, заманбап талаптарга ылайык поощрение механизмдерин киргизүү.
2. Илимий журналдарда макаласы жарык көргөн авторлор үчүн бир жолку сый акы белгилөө айрыкча төмөнкү категориядагы басылмалар үчүн:

- Scopus, Web of Science базаларындагы журналдар;
- эл аралык рецензияланган ачык жеткиликтеги журналдар;
- Россиянын жогорку рейтингдеги (ВАК, RSCI Q1–Q2-Q3) журналдары.
Университеттин эл аралык рейтинги үчүн
Илимий публикациялар университеттин QS, THE, Scopus Affiliation рейтингдериндеги ордун түздөн-түз аныктайт. Авторлорду бир жолку сыйлоо системасы ОшМУнун эл аралык көрүнүүсүн жогорулатып, рейтингдик көрсөткүчтөрдү системалуу түрдө жакшыртууга мүмкүндүк берет.
Кадрлык потенциалды сактоо жана мотивацияны күчөтүү максатында, учурда жогорку квалификациядагы кадрларды кармап калуу университет үчүн стратегиялык мааниге ээ. Илимий жетишкендиктер үчүн материалдык колдоо окутуучулардын мотивациясын күчөтөт, жаш окутуучуларды илимге тартат жана кадрлардын сыртка кетүүсүн азайтат Илимий продуктивдүүлүктү жогорулатууда, бир жолку сый акы системасы окутуучуларды сапаттуу макалаларды даярдоого, биргелешкен эл аралык долбоорлорго катышууга жана ОшМУнун илимий продукциясын сандык жана сапаттык жактан өстүрүүгө өбөлгө түзөт.
Стратегиялык өнүгүү документтерине шайкештик кылуу менен бирге, ОшМУнун стратегиясында илимдин сапатын жогорулатуу — негизги көрсөткүчтүн бири. Илимий макалалар үчүн сый акы белгилөө стратегиялык максаттарды ишке ашырууга түз салым кошот жана ички нормативдик актыларды заманбап талаптарга шайкеш алып келет. Бул демилге илимий кызматкерлердин, кафедралардын жана факультеттердин жигердүү эмгегин таанып, ОшМУнун эл аралык аброюн жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Азыркы учурда кызматкерлерибиздин төмөнкү сыяктуу макалалары жарык көрдү:

- Endocrine and Metabolic Science, 2025
*Biochemical, laboratory and instrumental diagnostic indicators of early diagnosis of women with gestational diabetes*
(Akmalovna G.I., Komilovna G.K., Subanova G.A., Rysbaeva A.Z., Rahim F.)

Сканировано с CamScanner

- Akusherstvo i Ginekologiya Russian Federation, 2025
  *Hormone-dependent diseases of the pelvic organs in women over 35 years of age*
  (Subanova G.A., Subanova N.A., Askerov A.A., Dzhumaeva L.M., Yrysbaev A.Y.)

Бул эмгектер ОшМУнун илимий салмагын, цитаталануусун жана академиялык көрүнүүсүн жогорулатууда чоң ролду ойнойт.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Сизден бул маселени карап чыгып, тиешелүү түзүмдөргө «ЖОБОго» өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бир жолку сый акыны жөнгө салган жобону иштеп чыгуу боюнча тапшырма берүүнү өтүнөм.

Тиркемелер:

1. Макалалардын титул барактары же DOI-шилтемелер.
2. Кыскача маалымдама.

«8» XII 2025-ж.

(колу) ________ Г.А.Субанова

[illegible]
[illegible]
зав каф. АГХД
Каримова Н.А.

08. 12. 2025.